**Кыргыз-Кытай факультетинин Окумуштуулар**
**кеңешинин отурумунун**

# № 8 ПРОТОКОЛУ

**2024-жылдын 30-апрель** **Ош шаары**

**Окумуштуулар кеңешинин төрагасынын м.а.:** М. Үсөн уулу.
**Мүчөлөрү:** Абдыкулов М.О., Каримов К., Алымбекова В. ж.б. окутуучулар.

**Күн тартибинде каралуучу маселелер:**

1. Окутуучулардын жылдык рейтингге катышуусунун абалы.
2. Окутуудагы электрондук билим берүүнүн уюштурулушу: абалы, көйгөйлөрү жана перспективалары. Факультетте окутуп жаткан үч багыт боюнча билим берүү процессиндеги билимдердин сапатын жогорулатууга багытталган маселелерди талкулоо жана бекитүү
3. Ар түрдүү маселелер.

Окумуштуулар кеңешинин төрагасынын м.а., М. Үсөн уулу Кыргыз-Кытай факультетинин Окумуштуулар кеңешинин курамын тактап анын ичинен, факультеттин жаштар комитетинин төрайымы окуу өндүрүштүк практига чыгып кеткендигине байланыштуу келе албай калгандыгын билдирип, ошентсе да кворум бар экендигин айтып, Окумуштуулар кеңешин баштоону добушка койду.

Макул – 14;
Каршы – жок;
Калыс – жок.

Окумуштуулар кеңешин баштоо бир добуш менен жактырылды.

## 1. Окутуучулардын жылдык рейтингге катышуусунун абалы

"Кытай тили жана кытай таануу" кафедрасынын башчысы., Абдыкулов Марат Омүрбекович **Окутуучулардын жылдык рейтингге катышуусунун абалы боюнча өз баяндамасында айтып кети.** Жогорку кесиптик билим берүү системасында окутуучулардын ишмердүүлүгүн объективдүү баалоо маселеси билим берүүнүн сапатын башкаруунун маанилүү звенолорунун бири болуп саналат. Ошондуктан акыркы жылдары көпчүлүк жогорку окуу жайларында окутуучулардын ишмердигин комплексдүү чагылдырган жылдык рейтинг системасы иштелип чыгып, билим берүүнүн бардык процесстеринде кеңири колдонулууда экендигин баса белгиледи. Учурдагы абал карай турган болсок. Окутуучулардын жылдык рейтинги негизинен бир нече критерийлерди камтыйт.

Сканировано с CamScanner

**Окуу-методикалык ишмердик:** билим берүү стандарттарына шайкеш окуу-методикалык комплекстерди түзүү, электрондук окуу куралдарды даярдоо, лекциялык материалдардын мазмундуулугу.

**Илимий-изилдоо ишмердик:** монографиялардын, макалалардын, патенттердин, эл аралык конференциялардагы баяндамалардын саны жана сапаты.

**Тарбиялык жана коомдук ишмердик:** студенттер менен тарбиялык иш жүргүзүү, социалдык долбоорлорго катышуу, факультеттик жана университеттик иш-чаралардагы активдүүлүк.

**Кесиптик өнүгүү:** квалификацияны жогорулатуу курстарына катышуу, эл аралык тажрыйба алмашуу программаларына кошулуу.

Сунуш катары учурларда окутуучулардын рейтингге катышуусу формалдуу мүнөзгө ээ болуп, иштин натыйжалуулугун толук чагылдырбай калат. Айрым көрсөткүчтөр сандык жактан гана ченелип, сапаттык критерийлер жетишсиз деңгээлде эске алынат. Ошондой эле, окутуучулардын бардык ишмердик аспектилерин бирдиктүү санариптик платформага интеграциялоо жетишсиз болуп жаткандыгын жана жогорку деңгээлде даярдыктарды кылуу зарылдыгын айтты. Ошондой эле рейтингге катышуусунун бир нече перспективаларынада басым жасады.

- Санариптик платформалар аркылуу окутуучунун ишмердигин автоматташтырылган режимде көзөмөлдөө.
- Критерийлерди сапаттык жана компетенттик көрсөткүчтөр менен байытуу.
- Эл аралык билим берүү практикасына ылайык **peer-review (кесиптештик баалоо)** механизмдерин киргизүү.
- Рейтингдин жыйынтыктарын материалдык жана моралдык стимулдаштыруу системалары менен айкалыштыруу.

Окумуштуулар кеңешинин төрагасынын м.а. М. Үсөн уулу баяндаманы канааттандырарлык деп табууну жана айтылган сунуштарды добушк койду.

Макул – 14;
Каршы – жок;
Калыс – жок.

Бир добуш менен баяндама канааттандырарлык деп табылды жана айтылган сунуштар кабыл алынды.

**2. Окутуудагы электрондук билим берүүнүн уюштурулушу: абалы, көйгөйлөрү жана перспективалары. Факультетте окутуп жаткан үч багыт боюнча билим берүү процессиндеги билимдердин сапатын жогорулатууга багытталган маселелерди талкулоо жана бекитүү.** Факультеттин усулдук кеңешинин төрайымы, "Кытай тили жана кытай таануу" кафедрасынын улук окутуучусу Абдыкаарова Т.М. окутуудагы электрондук билим берүүнүн абалы, көйгөйлөрү жана перспективалары

Сканировано с CamScanner

жөнүндө жана факультетте окутулуп жаткан лингвистика, кытай таануу, филология багыттары боюнча билим берүү процессиндеги билимдердин сапатын жогорулатууга багытталган маселелер жөнүндө баяндама жасады.

Мында ал электрондук билим берүү – XXI кылымдагы билим берүү системасынын негизги багыттарынын бири болуп, салттуу окутууну толуктап, билим алуу процесси үчүн жаңы мүмкүнчүлүктөрдү ачууда экендигин баса белгилеп учурда факультеттик деңгээлде электрондук билим берүү негизинен төмөнкү формаларда уюштурулууга да токтолуп кетти.

Мында Moodle, Google Classroom, Microsoft Teams платформалары аркылуу лекциялар, тапшырмалар жана талкуулар жүргүзүлүүдө. салттуу аудиториялык сабактар менен онлайн сабактарды айкалыштыруу. студенттер үчүн электрондук окуу куралдар, видео-лекциялар жана интерактивдүү тесттердин базасы түзүлөр болуп жатканын айтты. Мындан сырткары бир нече көйгөйлөргө да басым жасады.

Айрым аймактарда интернет байланышынын жана техникалык жабдуулардын жетишсиздиги. Окутуучулардын санариптик компетенттүүлүгүнүн жетишсиздиги, инновациялык педагогикалык технологияларды толук өздөштүрбөгөндүгү. Студенттердин онлайн сабактарга болгон кызыгуусу жана мотивациясынын төмөндүгү. Электрондук билим берүүдө академиялык адеп нормаларын сактоо көйгөйлөрү (плагиат, өз алдынча ишти формалдуу аткаруу).

Перспективаларга басым жасала турган болсо Санариптик билим берүү платформаларын жергиликтештирүү жана контентти улуттук тилде өнүктүрүү. Интерактивдүү мультимедиялык ресурстарды кеңири колдонуу. Жасалма интеллектке негизделген **адаптивдүү билим берүү системаларын** киргизүү. Студенттердин академиялык ийгилигин электрондук портфолио аркылуу көзөмөлдөөсыяктуу бир нече перспективаларга басым жасап айтты.

**Факультеттин “Кытай таануу” “Лингвистика” жана “Филология” үч багыты боюнча сапатты жогорулатууга багытталган маселелер:**

1. Ар бир багыт үчүн модулдук-программалык стандарттарды иштеп чыгуу жана электрондук окуу комплекстерин жаңылоо.
2. Окутуучулар үчүн үзгүлтүксүз санариптик сабаттуулук курстарын уюштуруу.
3. Студенттердин онлайн билим алууга болгон мотивациясын күчөтүү үчүн геймификация элементтерин киргизүү.
4. Электрондук билим берүүнү сапаттык мониторингден өткөрүү жана эл аралык стандарттарга шайкеш келтирүү.

Окумуштуулар кеңешинин төрагасынын м.а. М. Үсөн уулу., Факультеттин усулдук кеңешинин төрайымы, “Кытай тили жана кытай таануу” кафедрасынын улук окутуучусу, Абдыкаарова Т.М. Окутуунун түрдүү формаларында электрондук билим берүүнүн уюштурулушу: абалы, көйгөйлөрү жана перспективалары. Факультетте окутуп жаткан үч багыт

Сканировано с CamScanner

боюнча билим берүү процессиндеги билимдердин сапатын жогорулатууга багытталган маселелерди талкулоо жана бекитүү боюнча баяндаманы канааттандырарлык деп табууну жана айтылган сунуштарды добушк койду.

Макул – 14;
Каршы – жок;
Калыс – жок.

Бир добуш менен баяндама канааттандырарлык деп табылды жана айтылган сунуштар кабыл алынды.

**3. Ар түрдүү маселелер**

3.1 Окумуштуулар кеңешинин төрагасынын м.а. М. Үсөн уулу., Факультеттин билим берүү процессинин туруктуу өнүгүүсү үчүн төмөнкү багыттар боюнча маселелерди чечүү актуалдуу болуп саналарын айтып ошону менен бирге бир нече тармактарга сунуштарын байтып баса белгиледи.

1. **Илимий-изилдөө ишмердикти өнүктүрүү:**
   - Эл аралык базаларда индекстелген макалаларды көбөйтүү.
   - Студенттик илимий долбоорлорду гранттык программалар менен айкалыштыруу.
   - Илимий лабораторияларды заманбап технологиялык жабдуулар менен камсыз кылуу.
2. **Академиялык маданиятты бекемдөө:**
   - Плагиатка каршы системаларды активдүү колдонуу.
   - Академиялык адеп кодексин бардык окутуучулар жана студенттер үчүн милдеттүү документ катары бекитүү.
3. **Эл аралык кызматташтыкты кеңейтүү:**
   - Чет өлкөлүк университеттер менен кош дипломдук программаларды киргизүү.
   - Мобилдүүлүк программалары аркылуу студенттердин жана окутуучулардын академиялык алмашуусун кеңейтүү.
4. **Билим берүүнүн сапатын комплекстүү камсыз кылуу:**
   - Аккредитациялык талаптарга жооп берген ички сапатты баалоо системасын өркүндөтүү.
   - Студенттердин керектөөлөрүнө багытталган жаңы окуу программаларын түзүү.
   - Эмгек рыногунун суроо-талабына ылайык окутуу планын үзгүлтүксүз жаңылоо.

Окумуштуулар кеңешинин төрагасынын м.а. М. Үсөн уулу., Илимий-изилдөө ишмердикти өнүктүрүү, академиялык маданиятты бекемдөө, эл аралык кызматташтыкты кеңейтүү, билим берүүнүн сапатын комплекстүү камсыз кылуу тармагын айтылан сунуштарды добушка койду.

Сканировано с CamScanner

Макул – 14;
Каршы – жок;
Калыс – жок.

Бир добуш менен сунуштар кабыл алынды.

*Күн тартибиндеги маселелерди карап чыгып,*
**Кыргыз-Кытай факультетинин Окумуштуулар КЕҢЕШИ токтом кылат:**

1. Окутуучулардын жылдык рейтинге катышуусунун абалы боюнча айтылган баяндама канаттандыраарлык деп табылсын жана берилген сунуш толугу менен аткарылсын.
2. Окутуудагы электрондук билим берүүнүн абалы, көйгөйлөрү жана перспективалары жөнүндөгү баяндама жактырылсын жана факультетте окутуп жаткан үч багыт боюнча билим берүү процессиндеги билимдердин сапатын жогорулатуу, тобокелчиликтерди жоюу үчүн аныкталган маселелер бекитилсин.
3. Илимий-изилдөө ишмердүүлүгүн өнүктүрүү, академиялык маданиятты бекемдөө, эл аралык кызматташтыкты кеңейтүү, билим берүүнүн сапатын комплекстүү камсыз кылуу тармагы боюнча айтылан сунуштар аткарылсын.

**Кыргыз-Кытай факультетинин Окумуштуулар кеңешинин төрагасынын м.а.:** **М.Үсөн уулу**

**Кыргыз-Кытай факультетинин Окумуштуулар кеңешинин катчысы:** **М.М. Таштанова**

Сканировано с CamScanner